басылманын канча киши тарабынан окулуп жаткандыгы айгинеленет. Ал болсо сайттын дароо окулуу рейтингиң белгилейт. Мындан башка кайсы кабар көбүрөөк окулуп жатат, кайсы кабарчынын макалаларын эл күтүп окуйт, канча киши жарнама жагына кирди деген суроолордун жообу колдо турат. Бул үчүн хостинг фирмасынын көзөмөл панелине катталып коюш абзел. Интернет сайтында окурмандардын өзгөчөлүгүн белгилөө жана коомдук пикирди түзүү өтө оңой. Сайтка жайгыштырылган маалымат аркылуу эле окурмандардын сын пикирлерин, каалоолорун, көз караш, ойлорун тактап алабыз. Ошондой эле кайсы бир темада коомдук пикирди билүү үчүн анкета жасоо, саясат же коомдук багыттагы форумдарды уюштуруу мүмкүнчүлүктөрү бар. Интернет сайттарын пайдаланып окурмандар кабарчылар тууралуу пикирлерин, сайтка болгон сын-пикирлерин электрондук почталарына кат жөнөтүшүп же сайт беттериндеги атайын маалымат калтыруу бөлүкчөлөрүнө жазышып билдире алышат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Бостонова П.З. Основы сетевой журналистики. Курс лекций. – Бишкек, 2003.
2. Коротовских Е. IT журналистика в Кыргызстане (обзор); 03.06.2006.
3. Ожогина Т. Журналистика и интернет. Кыргызско-Государственный Национальный университет, кафедра журналистики. – Бишкек, 2000.
4. Проект Тренинг для тренеров по международным стандартам журналистики, «Ресурсы интернет в работе журналиста», IWPR, Бишкек.
5. Толепбергенова А.А. Основы международного обмена информацией. Курс лекций. Лекция №7. СМИ в интернете. – Бишкек, 2003, 129 стр.
6. Мобильная журналистика на МоБлоге «Украина» от 15.1 1.2006.
7. // Новости мира компьютерных технологий. 2007. №4. - С. 8-15.



***Аскарали у. А.,***

Махмуд Кашгари-Барскани атындагы

Чыгыш университети, магистрант


## ИСЛАМ ДИНИНИН ИНТЕРНЕТ САЙТТАРДА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ


*Макалада ислам динине байланыштуу маселелердин интернет сайттарда чагылдырылышы талдоого алынат.*



*Ачкыч сөздөр: дин, ислам дини, интернет, сайт, даваат, ютуб, социалдык тармак.*


Ислам динине байланыштуу саясий, социалдык, маданий жана гуманитардык маселелерди иликтөөдө, акыркы жылдары интернет сайттарда дагы көптөгөн маалымат алууга болот.

Интернет (англ. Internet, МФА: [ˈɪn.tə.net]) – Бүткүл дүйнөлүк телекоммуникация тармагы. Анын жардамы менен ар кандай форматтагы билдирүүлөрдү, маалыматты сактоону жана алмашууну ишке ашырса болот. Ошондой эле түрдүү кызыкчылыктар менен бириккен адамдардын виртуалдуу байланыш айдыңы. Бул максатты ишке ашыруу үчүн социалдык тармактар, тиркемелер, сайттар кызмат кылышат[1]. Дүйнө жүзүндө 3 885 567 619 адам иинтернет колдонот[2].

Internet Live Stats онлайн статистикалык сайтынын жүргүзгөн иликтөөсүнө таянсак дүйнө жүзүндө интернет колдонуучулардын саны боюнча рейтингде Кыргызстан 106-орунда турат[3]. Ал рейтингге ылайык, Кыргызстандагы 2 миллион 76 миң 220 интернет колдонуучу бар. Бул деген Кыргызстандын 34,4 пайызын түзөт. Көрсөткүч боюнча Кыргызстандагы

[1] //ky.wikipedia.org/wiki/about-internet
[2] http://newreporter.org/2016/03/28/dostup-k-internetu-v-mire-statistika-trendy/
[3] https://sputnik.kg/Kyrgyzstan/20160728/1028238237.html

интернет колдонуучулар 2015-жылга караганда 144 миң колдонуучуга көбөйгөн. Рейтинг 201 өлкөдө жүргүзүлүп, ага жер планетасынын 40 пайызы катышкан[1].

Ал эми интернеттеги сайттардын көптүгү боюнча Кыргызстан Орто Азияда үчүнчү орунда турат. Бул тууралуу Wired порталы IT-анализ жүргүзүүчү британиялык Nominet компаниясына шилтеме жасоо менен жарыялады. Борбор Азия аймагында Казакстан алдыңкы орунду ээлеп турат (121 901 kz домени бар). Андан кийин Өзбекстан 25 853 домен[2]. Кыргызстанда kg зонасында катталган 8,373 домен бар. Ал эми Тажикстан менен Түркмөнстанда 6504 жана 5820 домен каттоодон өткөн[3].

Жогорудагы статистикалык көрсөткүчтөрдөн маалым болгондой Кыргызстандагы интернет колдонуучулардын саны күн санап өскөн сайын интернет сайттардын да өсүү тенденциясы күч алууда, бул албетте интернет айдыңында иш алып барган маалымат берүүчү сайттардын, медиалардын ортосунда конкуренцияны пайда кылып, алардын иргелүүсүнө өбөлгө болсо, экинчи тараптан сайттардын коомдо ээлеген ордун өстүрүүдө. Кала берсе маалыматты жайылтуунун ыкчам, ыңгайлуу, тез, интерактивдүү жолу интернет болуп саналгандыктан бул тармакта иш алып барууга кызыккан адамдар көп.

Акыркы бир канча жылдардан бери коомдо кайсы бир көрүнүш, окуя, кырсык болсо, бул тууралуу интернет тармагы аркылуу адамдар тез маалымдар болууда. Өзгөчө, күтүлбөгөн тилсиз жоонун кесепеттери сыяктуу окуялар заматта дүйнө жүзүнө тарап, коомчулук мындай иштерден бат эле кабардар боло алышат. Ошол эле учурда аналитикалык интернет сайттар аркылуу кайсы бир саясий окуяларга, социалдык маселелерге, диний көрүнүштөргө талдоолор жүрөт, бирок алар канчалык кесипкөй адистер тарабынан чагылдырылып жатат, бул өзүнчө маселе.

Кыргызстан интернет сайттарынын көптүгү боюнча Борбор Азияда үчүнчү орунду ээлегенине[4] карабай Ислам дини тууралуу же ага байланыштуу маселелерди чагылдырып, анын шарттары жөнүндө маалымат берген бир нече сайттар ачылган, алар жеке жарандар, кайсы бир диний уюмдар тарабынан түзүлгөн. Жеке адамдар тарабынан ачылган сайттар:

1. www.islamjolu.kg
2. www.islamdini.kg
3. www.islamhouse.com
4. www.hidayat.kg
5. www.asylsoz.kg

Ал эми диний уюмдарга таандык болуп саналган интернет сайттарды атасак: Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгына караштуу www.muftiyat.kg, «Умма» журналынын www.umma.kg сайты, Ислам принциптерине ылайык бизнес жүргүзүүгө багытталган www.muslimbiz.kg сайты. Ал эми www.youtube.com сайтында да медиа портал түзүп иш алып баргандар да аз эмес. Мисалы: «Насаат медиа», «Насаат KG», «Бактылуулуктун формуласы», «Шариат KG».

Жогоруда аты алган айрым сайттардын контенти, сапаты, мазмуну жана башка тараптарын талдоого алалы.

www.islamjolu.kg сайтынын ээси, уюштуруучулары тууралуу маалыматтар сайттын өзүндө ачык көрсөтүлгөн эмес. «Биз менен байланыш» бөлүмүндө «Ислам жолу» медиасына тийиштүү электрондук даректерден башка маалымат жазылган эмес.

Сайттын бетинде ибадат маселелери боюнча маалыматтар камтылган «суроо-жооп», диний тасмалар жайгаштырылган «видео», аялдарга тийиштүү маселелерге арналган «аялдар бөлүмү», намаз убактыларын көрсөтүп турган «Бүгүнкү ибадат» жана дүйнө жүзүндөгү Ислам окумуштуулары тууралуу «Улуу инсандар» деп аталган рубрикалар жайгаштырылган[5].

[1] http://newreporter.org/2016/03/28/dostup-k-internetu-v-mire-statistika-trendy/
[2] https://sputnik.kg/Kyrgyzstan/20160313/1023155062.html
[3] https://sputnik.kg/Kyrgyzstan/20160313/1023155062.html
[4] https://sputnik.kg/Kyrgyzstan/20160313/1023155062.html
[5] http://islamjolu.kg

Ал эми «Исламжолу сайты тууралуу» деген категорияда «Биздин окурмандар: Жаңы баштоочулар, динди жаңыдан үйрөнүп келе жаткан мусулмандар» деп жазылган, ал эми андан төмөндө «Биздин принциптер: 1-Таухидди кармануу. 2-Жамааттын биримдигин сактоо. 3-Мусулман мамлекет башчысына моюн сунуу, каршы чыкпоо. 4-Аалымдар менен байланышта болуу»[1], - деген сүйлөмдөрдү окууга болот.

«Ислам жолу» Исламды жаңы үйрөнүп баштоочулар үчүн дегени менен «Таухидди кармануу» деп жазылышы динди жаңы окуп баштаган адамга түшүнүксүз болушу белгилүү. Андыктан «таухид» сөзүнө түшүндүрмө берилсе максатка ылайыктуу болмок.

Андан кийин «Жамааттын биримдигин сактоо»[2] деп жазылган. Кайсы жамаат, деги эле жамаат деген эмне? Бул сыяктуу суроолорго динди жаңы баштаган эмес, көптөн бери намаз окуп, дин карманган адамдар да жооп берүүдө кыйналат. Андыктан Исламды жаңы баштагандарга жамааттар жөнүндө айтуунун канчалык зарылчылыгы бар? Менимче жамаат дегенден мурда Ислам дининин өзүнө басым жасалса орундуу болмок.

Ошол эле сайт тууралуу маалыматтар камтылган бетте «Биздин даават: Аллах Таала айтты: «[О, Мухаммад,] айткын: "Бул менин жолум, мен жана мени ээрчүүчүлөр Аллахка чакырабыз, илимдин негизинде…"» (Куран 12:108»[3], деген сүйлөмдөр жазылат. Али Куран тууралуу маалыматы толук калыптана элек окурманга Курандагы аят менен сүрөнү «12:108»[4] деген таризде жазуу канчалык түшүнүктүү болот, бул да ойлоно турган маселе. Андыктан бул жерде да Курандан келтирилген аят кайсы сүрөнүн канчанчы аятында жазылган жөнөкөй түшүндүрмө менен көрсөтүлсө орундуу болмок.

Андан кийин «Бардык жамааттарды Аллахтын динин – Исламды – сахабалар калтырып кеткендей, бирге, таза жана бидаатсыз тутунууга чакырабыз. Аллах Таала айтты: «Аллахтын жибин (динин) бардыгыңар бирге бекем кармангыла жана бөлүнбөгүлө» (Куран 3:103)»[5], - деп дагы жамааттар жөнүндө маалымат берилип, «бидаатсыз» деген сөз эч кандай түшүндүрмөсүз жазылган.

Исламды жаңы таанып баштагандар үчүн түзүлгөн бул сайттын интерфейсине (көрүнүшү) жогору баа берүүгө болот, кала берсе ибадат маселесине байланыштуу маалыматтардын жыштыгы, контентинин бай экени, туруктуу окурмандарынын көптүгү жагынан алдыңкы орундарда турат. Бирок, жогоруда талдоого алынган тексттеги мүчүлүштүктөр сыяктуу айрым грамматикалык, стилистикалык каталарды байкоого болот.

www.islamdini.kg сайтынан Аллахка ишенүүнүн жол жоболору, Ислам динindеги ибадат кылуу эрежелери, адеп-ахлак нормалары сыяктуу Ислам принциптери тууралуу макалалар[6] жана Курандын үн менен окулган аудиолорун угууга болот[7]. Аны менен бирге «терминдер» деген бөлүмдө диний окууларда көп кездешкен шариатка тийиштүү сөздөрдүн чечмелениши жайгашкан[8]. Ошондой эле сайтта Ислам динине тийиштүү кыргыз, өзбек, казак, тажик, англис, француз, орус тилиндеги бир нече китептердин электрондук форматтагы тиби жайгашып, аларды көчүрүп алуу функциясы каралган[9]. Сайттын төмөнкү тарабында *«Сайтыбыздагы маалыматтар бардык адамдардын пайдалануулары үчүн даярдалган. Түп нускасын өзгөртпөө шарты менен уруксат албастан эле маалыматтардан пайдаланууга болот»*[10], - деп жазылган. Ошондуктанбы башка Ислам сайттарына салыштырмалуу www.islamdini.kg сайты маалыматтарынын жыштыгы, ар кандай темадагы макалалардын көптүгү жана жөнөкөй түзүлүшү менен көңүлдү өзүнө бурат. Бирок, сайттын

---

[1] http://islamjolu.kg
[2] http://islamjolu.kg
[3] http://islamjolu.kg
[4] http://islamjolu.kg
[5] http://islamjolu.kg
[6] http://islamdini.kg/
[7] http://islamdini.kg/audio/kurani-karim-audio/
[8] http://islamdini.kg/terminder/
[9] http://islamdini.kg/zhuktop-aluu/85-namaz-kitebi.html
[10] http://islamdini.kg/

контенти маалыматтарга бай болгону менен айрым филологиялык, грамматикалык, стилистикалык каталар да жок эмес.

www.islamdini.kg сайты негизинен Ислам дининдеги ибадат маселесине байланыштуу макалалар менен чектелген, башкача айтканда андан Ислам экономикасы, саясий тармагы, тарыхы жана башка ушул сыяктуу темалар дээрлик жокко эсе.

YouTube видеохостинги интернет тармагындагы эң таанымал кызматтык тиркеме. Ал 2006-жылы программисттер Стив Чен, Чад Хёрли, Джавед Карим тарабынан негизделип, ошол эле жылы Google компаниясы 1,65 миллиард долларга сатып алган[1] жана тез аранын ичинде дүйнө жүзүндөгү эң популярдуу видеохостингге айланган.

YouTube видеохостинги жүктөлгөн видеону сактоо; жеткирүү; көрсөтүү кызматтарын аркалайт. Андан тышкары көрүүчүлөр бул кызмат аркылуу жүктөлгөн кайсы бир тасмага баа коюп, комментарий жазып, башкалар менен бөлүшө да алат. Аталган кызмат жөнөкөй жана ыңгайлуугу менен өз колдонуучуларын таба алды, акыркы учурда сайттын аудиториясынын саны кескин өскөнү байкалган. Мисалы: 2012-жылы YouTube видеохостингге жүктөлгөн видеолорду бир күндө 4 миллиардга жакын адам көргөн[2]. Сайтка күн сайын фильмдер, музыкалык клиптер, трейлерлер, жаңылыктар, атайын көрсөтүүлөр жана жөнөкөй колдонуучулардын видеозапистери, слайд-шоу, юмордук берүүлөр жана башка видео роликтер жүктөлөт[3]. Белгилүү «Форбес» журналынын билдирүүсү боюнча ютуб каналы 2013-жылы 4,7 миллиард доллар киреше тапкан[4].

Өз кезегинде ютуб хостингине атайын аккаунт ачып, ага кызыктуу тасмаларды жүктөө аркылуу көрүүчүлөрүн көбөйтүп, ютуб компаниясынын назарына илинген соң реклама аркылуу бир топ киреше тапкан блоггерлердин саны күн сайын өсүүдө. Аны менен катар ютубдагы көрсөтүүлөрдүн саны да күн сайын көбөйүп, андагы конкуренция кандайдыр бир деңгээлде тасмалардын сапатын арттырууга өбөлгө түзүүдө. Мындай аракеттер YouTube видеохостинггинин аудиториясынын көбөйүшүн шарттоодо жана бул кызматтан пайдалануу барган сайын баарына жеткиликтүү болууда. Албетте бул дүйнөлүк майдандагы тенденция, мындай көрүнүш Кыргызстан сыяктуу өлкөлөрдө али толук жандана элек. Ошентсе да туруктуу көрүүчүлөрүнүн саны 100 миңден ашкан каналдар бар. Алардын катарында туруктуу контент менен кызмат көрсөткөн Кыргызстандагы санариптик телевидениелердин материалдары түзөт. Мисалы: НТС каналына 150 миң[5], «ОшТВ» каналына 150 миң[6], «Жалбырак» каналына 130 миң[7], «NewTV» каналына 29 миң[8], ЭлТР каналына 15 миң[9], КТРК каналына 12 миң катталган[10]. Ал эми айрым жеке адамдар тарабынан түзүлүп, күнүмдүк жаңылыктарды, атайын көрсөтүүлөрдү даярдап популярдуулукка жетишкен каналдар да бар, алар: «Акыркы кабарлар – Санжар Калматай» каналы 270 миң[11], «Насаат медиа» каналы 250 миң[12], «Насаат KG» каналы 71 миң катталуучусу бар[13].

Жогоруда аты аталган каналдардагы диний берүүлөр боюнча «Радио, телевидение аркылуу Ислам динин чагылдырылышы» деп аталган бөлүмдө сөз кылынган. Ал эми бул жерде «Насаат медиа» каналынын контенти, мазмуну, багыты жана башка маселелери боюнча илимий изилдөө жүргүзмөкчүбүз.

---

[1] https://ru.wikipedia.org/wiki/YouTube
[2] https://ru.wikipedia.org/wiki/YouTube
[3] https://ru.wikipedia.org/wiki/YouTube
[4] https://ru.wikipedia.org/wiki/YouTube
[5] https://www.youtube.com/user/NewBroadcastingNet
[6] https://www.youtube.com/channel/UCJNunORLe0Q6BOvUKZYIsug
[7] https://www.youtube.com/channel/UCeEjcJVXnP5jKn7W66Z-oUA
[8] https://www.youtube.com/channel/UCW9uAaDbdnRQ37ukZd3OxqQ
[9] https://www.youtube.com/channel/UCnASOdHncEDGi-AH4cHd0Jw
[10] https://www.youtube.com/channel/UCtzC8U1EaAyze00n1flwEKQ
[11] https://www.youtube.com/channel/UCh2ku44ACi1h6TlGNF6RKvA
[12] https://www.youtube.com/user/nasaatmedia
[13] https://www.youtube.com/user/ruspatriotkg

«Насаат медиа» порталы Кыргызстандагы белгилүү дин аалымы Чубак ажы Жалиловго таандык лекцияларды чыгарууга багытталган. Канал 2013-жылдын 22-сентябрында ишке кирип Чубак Жалиловдун сабактарын толук жана кыска форматта жарыялап, кыргыз жана орус тилдүү көрүүчүлөрүн тапкан. «Насаат медиа» порталынын негиздөөчүсү, редактору Улан Давлеткуловдун айтуусуна караганда аалымдын лекцияларын КМШ (Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги) өлкөлөрүндө кыргыз, өзбек, казак элдери да кызыгуу менен күтүп көрүшөт[1], ал эми Россия, Америка, Германия жана башка чет мамлекеттерде окуп, иштеп жүргөн кыргыз мигранттары да «Насаат медиа» порталынын чыгарган видеолорун көрүшөрү маалым.

Акыркы бир нече жыл ичинде Чубак Жалилов Кыргызстандагы таасирдүү адамдардын бирине айланды. Муну анын лекцияларына катышкан адамдардын саны арбын экенин байкоого болот. Мисалы: Ал 2018-жылдын, январь айында Кызыл-Кыя шаарынын борбордук мечитине барганда анын лекциясына 15 миң адам келген, бул тууралуу фейсбук социалдык тармагынын колдонуучулары жазып, видеого тартып жарыялашкан. Ал эми анын Россия өлкөсүнүн Москва, Иркутск шаарларындагы мечиттерде окуган лекциясына миңдеген адамдардын жыйналганын «Насаат медиа» порталындагы анын сабактарынан да көрүүгө болот[2].

Лимон KG сайты «Жаштарга таасирдүү кыргызстандык 100 адам (100 Кыргызстанцев, которые влияют на молодежь)» деген аталышта уюштурган акциянын жүрүшүндө 6 миңге жакын адамдын ичинен 1 242си Чубак Жалиловго добуш беришкен[3]. Ал эми Жогорку Кеңештин депутаты Жанар Акаев 357 добуш чогултуп, экинчи орунда турат, ал эми калган 98 катышуучу 300 добуштан жогору баа топтой алган эмес. Бул албетте, дин таануучу Чубак Жалиловдун интернет айдыңында, аны менен бирге Кыргызстан элинин социалдык турмушунда ээлеген ордунун бир топ жогору экенинен кабар берет.

Кыргызстанда чоң талкууга жем таштаган Чубак Жалилов менен байланыштуу бир нече окуялардын башталышы да дал ошол «Насаат медиа» порталына жүктөлгөн билдирүүлөрдөн соң жүз берген. Мисалы: 2016-жылы 7-июнда Чубак Жалилов фейсбуктагы өз баракчасына: *«Мыйзам долбоорун колдобогон депутаттар менен бир дасторкондо отурбайм. Аларга кол берип саламдашпайм. Алардын жаназасына турбайм жана менин жаназама келип катыша турган болсо, катыштырбоону мураскерлериме осуяттаймын. Булар катыша турган шайлоолордо буларга добуш бербейм. Мени уга турган бир туугандарыма да ушул осуятты багыштайм. Эгерде мен муфтий болгонумда булардын жакшылык-жамандыктарына катышпасын деп жалпы имамдарга буйрук бермекмин»*[4], - деп жазып чыккан, андан көп өтпөй эле ютубдагы «Насаат медиа» порталы аркылуу ушул эле маанидеги билдирүүсүн сүйлөгөн[5]. Мыйзам долбоорго каршы добуш берген алты депутаттын ичинен ЖКнын депутаты Жанар Акаев жооп кайтарган. Ал “Азаттыкка” комментарий берип жатып, Чубак ажы Жалиловдун билдирүүсүн экстремисттик чакырык деп баалаган[6]. Ал арада эки инсандын тарапташтары интернет айдыңында эки пикирди айтышып, акыр аягында Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети тарабынан Чубак Жалилов эскертүү алган. Андан кийин 2017-жылы ноябрь айында да дин аалымы экинчи аял алгандыгын ачык айткан тасмасы «Насаат медиа» аркылуу бүтүн коомчулукка маалым болгон[7] жана кызуу талкууга алынган. Бул сыяктуу билдирүүлөрдүн коомго кенен жетиши, «Насаат медиа» порталынын потенциалын, интернет майданындагы күчүн айгинелесе, бир тарабынан Чубак Жалиловдун Кыргызстандагы популярдуулугунун артканынан кабар берет.

---

[1] Давлеткулов Улан менен жеке интервью. Бишкек, 2018-жыл.
[2] https://www.youtube.com/user/nasaatmedia
[3] https://limon.kg/contest/100-influential/#/
[4] https://www.facebook.com/Chubak.aji.Jalilov
[5] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_religion_security/27786378.html
[6] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_religion_security/27786378.html
[7] https://www.youtube.com, «Азаттык», 27 нояб. 2017-ж.

Кыргыз элинин социалдык катмарларына, абалына, турмуш шартына, дүйнө таанымына жана динге берилгендигине жараша дин аалымы Чубак Жалиловго ар кандай багыттагы суроолор берилет. Муну «Насаат медиасы» тартып алып интернетке жайгаштырат. Ошондуктан да медианын ютубдагы каналында ал тасмалардын толук жана атайын алынган бөлүктөрүн көрүүгө болот[1].

«Насаат медиа» сыяктуу ютубдан атайын канал ачып диний маселелерди баяндаган медиалар көп, бирок алар азырынча мынчалык популярдуулукка жете элек. Атап айтсак: «Бактылуулуктун формуласы»[2], «Хидаят KG»[3], «Ислам аалымдары»[4], «Түз багыт»[5], «Бейишке карай жол»[6], «Ыйман казынасы»[7], «Шариат KG»[8], «Ислам Онлайн KG»[9] жана башка каналдар.

Кыргызстанда дин тармагындагы маселелерди байма-бай чагылдырган медиалардын сап башында «Азаттык» радиосу турат. Анын интернеттеги www.azattyk.org сайтынан диний маселелерге арналган макалаларды, уктурууларды жана көрсөтүүлөрдү көп кездештирүүгө болот. Алардын ичинде өзгөчө Ислам динине байланыштуу кайсы бир саясий, социалдык, маданий окуялар, маселелер басымдуулук кылат.

«Азаттык» медиасынын www.azattyk.org сайтына жарыяланган Ислам динине байланыштуу макалаларга назар салып көрөлү. Андагы стратегиялык мүнөздөрдү байкаш үчүн сайттагы 2018-жылдын январь айынан баштап, апрель айына чейинки макалалардын темасы, мезгилдүүлүгүн анализге алалы.

2018-жылдын январь айында жарык көргөн макалалар:

8-январь «Диний агымдардын артында ким турат?»[10], 26-январь «Диний билим улуттук наркка ылайыкташабы?», 30-январь «Арабдашкан кыргыз ысымдары»[11], 31-январь «Кыз-келиндерди экстремизмден алыстаткан долбоор»[12].

2018-жылдын февраль айында жарыяланган макалалар:

1-февраль «Хакимов: Дин дүнүйө илимин алууну чектебейт»[13], 21-февраль «Орус түрмөлөрүндө мигранттар радикалдашып баратат»[14], 21-февраль «Дин комиссиясы: Жалиловдун Нооруз боюнча сөзү мыйзамга каршы келет»[15], 22-февраль «Нооруз жөнүндө талаш мамлекеттүүлүктү эске салды»[16].

2018-жылдын март айында жарыяланган макалалар:

5-март «Дин өкүлдөрүнүн жоругу сынга кабылды»[17], 7-март «Радикалдар Сирияга кетпей, Борбор Азияда калды»[18], 14-март «Инкарчылар» четинен кармала баштады»[19], 20-март «Ош: имамдар илимден четтеп турат»[20], 29-март «Дин: бүгүнкү медресе жана эртеңки коом»[21].

2018-жылдын апрель айында жарыяланган макалалар:

[1] https://www.youtube.com/user/nasaatmedia/playlists
[2] https://www.youtube.com/channel/UCOiLyw9Mqh3xYgNfTYC1dBA
[3] https://www.youtube.com/channel/UCYAstDzhX5s9kk2Sx5q2EYQ
[4] https://www.youtube.com/channel/UC4_Y8UlXiu4FCWzu2At-7CQ
[5] https://www.youtube.com/channel/UCrvSkXaNWe3hm51jPmnQWLw
[6] https://www.youtube.com/channel/UCwHEuzGHy8R0uo4TXENSRyg
[7] https://www.youtube.com/channel/UCfMYXAQRfBB7aQKVpUWoZ1Q
[8] https://www.youtube.com/channel/UCxcWEhxgMlj8TvTfV-Wo_2g
[9] https://www.youtube.com/channel/UCCX84TvZuq9fyP7Rq5RKBkA/featured
[10] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_central_asia_islam_religion/28956770.html
[11] https://www.azattyk.org/a/kyrgyz-n, ames-islam-arab/29004916.html
[12] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_muslim_women/29007655.html
[13] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_religion__interview_adahamjan_hakimov/29009539.html
[14] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_russia_prison/29052253.html
[15] https://www.azattyk.org/a/29053544.html
[16] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_politics_noruz_religion/29056037.html
[17] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_religion_rules_human_rights/29079563.html
[18] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_syria_terrorists_central_asia/29083401.html
[19] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_religion_yakyn_inkar_march_2018/29096669.html
[20] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_religion-islam-molla/29109178.html
[21] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_bulan_religion_madrasah/29132205.html

4-апрель «Школьный: Динчил көрүнгүсү келгендер көбөйдү»[1], 13-апрель «Коомдук уюм муфтийдин мүлкүнө кызыкты»[2], 19-апрель "Инкарчылар" четинен кармала баштады»[3], 19-апрель «Талкууга түшкөн имамдын чакырыгы»[4], 23-апрель «Асланова: "Инкарчыларга" башкача караш керек эле»[5].

Жогорудагы аналитикалык 17 макала беш айдын ичинде жарык көргөн. Байкалып тургандай көтөрүлгөн темалардын арасында коомчулукта пикир келишпес маселелер басымдуулук кылат, башкача айтканда Ислам дини менен байланышкан негативдүү темалар көп. Атап айтсак, жогорудагы макалалардын дээрлик бардыгында экстремизм, радикализм, такфиризм, фундаментализм, инкарчылар деген сыяктуу сөздөр мусулмандардын кайсы бир катмарына карата колдонулуп, көтөрүлгөн маселелерде диний проблемалар алдыга коюлган.

Учурда Кыргызстан эли күнүмдүк турмуштагы Ислам дининин этикалык (адеп-ахлак), ритуалдык (ибадат) тармактарын колдонууда. Тагырагы, Ислам саясаты, экономикасы, жаза-чарасы сыяктуу тармактары тууралуу эч кандай сөздөр жок, бирок буга карабай айрым социалдык маселелер чечилгени көпчүлүккө маалым. Мисалы: аракечтикти жоюуда, үй-бүлөлөрдү сактап калууда, ата-энелерге камкордук кылууда Ислам дининин кошкон салымы баа жеткис. Бирок, тилекке каршы «Азаттык» медиасы бул сыяктуу маселелерди көтөргөн эмес, кыргыз элинин макал-лакаптары, күнүмдүк турмуш тиричилигиндеги салт-санаалары дин менен жуурулушканы баарына маалым, бирок дагы деле «Азаттык» тарабынан мындай маселелер айтылбай келет.

Интернет желесинде журналист, жазуучу Олжобай Шакирге таандык www.ruhesh.kg сайты бар. Анда «сайт тууралуу» деген бөлүмдө: «Сайт ээси жана башредактору – Олжобай Шакир. Техникалык редактору Марат Токоев.

Бул сайтка бардык авторлордун көркөм чыгармалары тандалып жарыяланат жана публицистика багытындагы коомдук-саясый мазмундагы материалдарга орун берилет. Ошондой эле дүйнө адабиятынын өрнөктүү чыгармалары менен катар балдар адабиятына көңүл бурулат. «РухЭш» аталышындагы бул сайтта бөбөктөр үчүн ыр, жомок, тамсилдер үзгүлтүксүз жарыяланат.

Негизинен сайттын багыты – рухий багыттагы коом агартуу»,[6] - деп жазылган. Бирок, аталган сайтта жогоруда белгиленген коомдук-саясий, адабий багыттагы маалыматтар менен бирге Ислам динине, өзгөчө дин кызматкерлеринин иш аракеттерин сынга алган макалаларды да кезиктирүүгө болот. Мисалы: 2018-жылы 25-мартта жарыяланган «Мусулман элдерине сөз тийгизүү Чубак Жалиловдун чала молдолугубу же эки жүздүүлүгүбү?»[7] аттуу чакан макаласы жарыяланган. Анда белгилүү дин аалымы Чубак ажы Жалиловдун Ноорузду майрамдоо – арам деген маанидеги видео кайрылуусу боюнча пикир жазылып, илимпоздун иш аракеттери катуу сынга алынган. Макалада: «*Мындай суроо койгонумдун себеби: коомчулукка өзүн диний ишмер катары таанытып келген Чубак ажы Жалиловдун «Исламда Нооруз – арам. Ким Нооруз «майрамынын» урматына бир жумуртка берсе да ыймандан чыгат, капыр болот», – деген тантырак кебинен улам чыгып отурат. Ошондой эле кимде ким Ноорузду майрамдаса – ыймандан чыгат», - дегени эмне шумдук?! Эмне үчүн мусулман баласынын ата-бабадан берки ишенимине, каада-салтына акаарат келтирүүгө тийиш?*[8]

*Мындай диний машаяктыктын түбү жакшылыкка алып барбайт бизди… Миллиондогон мусулман элдердин арасына жик сала турган ушундай көрүнүшкө эмнеге кыргыз эли кайдыгербиз бүгүн?! Мындан үч жыл мурун да Жогорку Кеңештин депутаты*

[1] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_vladimir-shkolnyi-intervew-religion/29141552.html
[2] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_muftiy_critics/29165624.html
[3] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_society_religion_rights/29176620.html
[4] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_society_religion_rights/29176620.html
[5] https://www.azattyk.org/a/indira-aslanova-religion-intervew_2018/29176778.html
[6] http://ruhesh.kg/sajt-tuuraluu/
[7] http://ruhesh.kg/2018/03/25/musulman-elderine-s-z-tijgiz-chubak-zhalilovdun-chala-moldolugubu-zhe-eki-zh-zd-l-g-b/
[8] http://ruhesh.kg/2018/03/25/musulman-elderine-s-z-tijgiz-chubak-zhalilovdun-chala-moldolugubu-zhe-eki-zh-zd-l-g-b/

*Жанар Акаевге карата Ч.Жалилов: «диний коомчулук жана шакирттериме айтаарым, мындай адамдын жаназасы окулбашы керек» деген маанидеги чакырык таштаганы бүтүндөй коомчулукка белгилүү. Эгерде кыргыз эли анын аша чапкан билдирүүлөрүнө мындан ары дагы бышы кулак болуп отура берсек, жакынкы жылдары өлкөбүздө диний карама-каршылыктар күчөп, кыргыз менен кыргыздын ортосунда от чыгышы толук мүмкүн. Себеби анын буга окшогон билдирүүлөрү кайраштыруу эмей эмине?![1]»* - деп жазылган.

Бул Ислам Сопиевге таандык макалада дин илимпозун: «Мусулман элдерине сөз тийгизүү Чубак Жалиловдун чала молдолугубу же эки жүздүүлүгүбү» деп атоо «Кыргызстан журналисттеринин этикалык кодексине» туура келбейт. Агай ылайык 9-беренеде: «Тартылган сүрөттөрдү жана аларга коюлган колдорду, тексттерди, баш темаларын (заголовков) редакциялоодо материалдарды бузуп бурмалоого жол берилбейт. Материалдын тексти, интершоокумдар, маектер анын видео ирээтине шайкеш келиши кажет», - деп белгиленген. Демек, автор Олжобай Шакир макаланы атоодо этикалык кодекске маани берген эмес.

Ал эми андан кийинки билдирүүлөрдө да жогорудагыдай эле этикалык нормалар бузулуп, кала берсе Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамына каршы келген учурлар да катталган. Эгер Чубак Жалиловдун Нооруз боюнча айткандары анын жеке жарандык пикири десек мынчалык кодулоого алынбоого тийиш эле, анткени Кыргыз Республикасынын Конституциясынын «Адамдын эркиндиктери жана укуктары» боюнча 13-беренесинин 3-пункттунда төмөндөгүдөй жазылган:

*«Кыргыз Республикасында бардык адамдар мыйзам жана сот алдында бирдей. Эч ким теги, жынысы, расасы, улуту, тили, туткан дини, саясий жана диний ынанымдары үчүн же жеке жана коомдук мүнөздөгү кандайдыр-бир башка жагдайлар боюнча басмырланып, эркиндиги жана укугу кысымга алынбайт»*[2].

Ал эми 13-берененин 6-пункттунда:

*«Ар бир адам ой жүгүртүү, сөз жана басма сөз эркиндигине, ошондой эле ошол ойлору менен ынанымдарын тоскоолдуксуз билдирүүгө укуктуу. Эч ким өзүнүн ой-пикирин жана ынанымын билдирүүгө мажбурланышы мүмкүн эмес»*[3].

Демек, Баш мыйзам боюнча Чубак Жалиловдун билдирүүсү Баш мыйзам менен кепилденген сөз эркиндигине ылайык аны «эки жүздүү» деген сыяктуу айыптоолор менен жемелөөгө алуу мыйзамга ылайык келбейт. Кала берсе ошол эле беренин 5-пункттунда *«Ар бир адамга дин тутуу жана атеисттик ынанымда болуу эркиндигине кепилдик берилет»*[4].

Ал эми дин аалымы Чубак ажы Жалилов өзүнүн Нооруз боюнча айткандарына карата коомчулуктун реакциясы боюнча «Настоящее время» медиа порталына берген интервьюсунда мындай дейт: *«Ар бир элдин тарыхы, адабияты көп нерсеге далил болуп берет. Эгер кыргыздардын адабий чыгармаларын, макал-лакаптарын карасак Нооруз жөнүндө эч кандай эскерүүлөр жолуктурбайбыз мунун өзү Нооруз кыргыздардын майрамы эместигине далил болуп саналат. Ал эми кээ бир адамдар эч нерсеге таянбай туруп эле «Шариатта Нооруз – арам» деп айтуусу туура эмес тенденция. Мен дин тармагын бир канча жылдардын бери изилдеген адис катары мусулмандардын Ноорузду майрамдоого болбосун илимий далилдер менен макала кылып жазып чыктым. Ал эми адамдарга тандоо укугу берилген, биз демократиялык мамлекетте жашайбыз, ким кандай жол тутат өзү билет»*[5].

---

[1] http://ruhesh.kg/2018/03/25/musulman-elderine-s-z-tijgiz-chubak-zhalilovdun-chala-moldolugubu-zhe-eki-zh-zd-l-g-b/
[2] Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 13-берене, 2010.
[3] Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 13-берене, 2010.
[4] Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 13-берене, 2010.
[5] www.youtube.com, «Настоящее время» медиа порталы, 2018, 23-февраль.

*«Настоящее время» медиа порталынын журналисти: Өлкөдө кайсы майрам белгиленет, мамлекеттин иши. Сиздин бул чакырыгыңыз мамлекеттик түзүлүшкө коркунуч туудурат деп ойлобойсузбу?*[1]

*Чубак ажы Жалилов – дин аалымы: «Христиан провослав чиркөөсүндө «Курман айтты» майрамдабагыла деп христиандарга айтылса, «Раждество христиандардын майрамы, силер аны майрамдабагыла» деп мечитте мусулмандарга айтылса, бул кантип мамлекттик түзүлүшкө каршы келсин. Бизде дин карманyу жана сөз эркиндиктери мамлекет тараптан кепилдениши керек. Мага саясат, сойкулук, паракордук жана башка суроолор көп берилет. Нооруз боюнча суроо да кайсы бир мечитте берилген, ал жерде башка диндин өкүлдөрү жок болчу, ошондуктан Ноорузду майрамдоого болбойт деп айткам, бирок ким кандай чечим кабыл алат өз эрки. Мен арак ичпеш керек, анткени ал арам десем арак чыгарган заводдор жабылып калбайт да, же намаз окуш керек десем эч ким намаз окуп калбайт да демек, тандоо ар кимдин ыктыярындагы маселе»*[2].

2017-жылы, 13-июнда www.ruhesh.kg сайтында журналист Олжобай Шакирдин белгилүү публицист жана журналист Нарын Айып менен курган маеги жарыяланган. Анда журналист, редакторлордун кесиптик деңгээли, мамлекеттик түзүлүш, коомдогу социалдык абал жана башка маселелер боюнча сөз кылып, Ислам дини боюнча да суроо берген. Ошондуктан да макала *«Нарын Айып: Динден пайда таап жаткандар чыныгы мусулман эмес»* деп аталган[3]. Төмөндө ошол маектеги дин маселесине тийиштүү суроо менен жоопту илимий талкууга алалы.

Журналист Олжобай Шакир: *Кыргыз эч бир доордо динге азыркычалык баш урган калк эмес эле, азыр көбү динден таяныч издеген сайын кайра ошончо коопсуздук маселеси жаралды. Болгондо да улуттук деңгээлдеги коопсуздук десек болот! Ал эми диний коомчулукта лидерлик мансапты (муфтийлик кызмат) талашуу жана ажылыктын тегерегиндеги коррупцияга байланыштуу ызы-чуулар күч экени баарыбызга белгилүү. Караламан калк арасында болсо динге сокур сезим менен ээрчигендер арбыды. Мындай көрүнүш акыры бизди эмнеге алпарат деп ойлойсуз?*

Публицист, журналист Нарын Айып: *«Коопсуздук маселелери кыргыздардын динге кайра бурулганынан келип чыккан жок, бул жалпы маселе, ал тереңде жатат. Турмуш ак менен карадан турат жана кимдир бирөөлөр ак максатты көздөп, мамлекет куруп, моралды калыптап, илимди өнүктүрсө, башкалар ошентип түзүлгөн абалдын артыкчылыктарынан пайдаланып, жетишкендиктин баарын өз кара максатына жумшайт.*

*Биринчилер канчалыкка жетишсе, экинчилердин ишинин көлөмү да ошончолук чоң, бирок тескери. Экстремисттер өздөрү баалуулук жаратпайт, алар башкалардыкын пайдаланат. Диндин өзүндө күнөө жок, бирок анын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланууга аракеттенгендер өтө көп. «Молдонун айтканын жаса, кылганын кылба», - деп бекеринен айтылган эмес.*

*Динге чыныгы ишенгендер материалдык кызыкчылыктан алыс болот, динден пайда таап жаткандар болсо чыныгы мусулман эмес. Ошондуктан, кыргыздар акыркы мезгилде сиз айткандай, динге баш урган калк болуп кеткени – алар ууру, алдамчы, коррупционер болуп баратат дегендей эле маселе. Ошол эле учурда ислам өзү азыр терең реформага муктаж. Христиан динин Мартин Лютер XVI кылымда кандай реформаласа, 1500 жылга чыккан исламдын өзүн дагы заманбап кылып өзгөртүүгө мезгил жетти.*

*Сапаттуу нерсени рекламалап кереги жок болгондой, динди да жасалма ыкма же күч менен таңуулаган болбойт, азыр орто кылымдар эмес. Андай нерселер дайыма күмөн жаратат, чыныгы мекенчилдер көкүрөгүн кагып: «Мен патриотмун!» - деп кыйкырбайт. Диндин жардамы менен адамзатты жакшыртабыз дегендер үй-бүлөсүнөн баштап, тааныш-жакындары менен коомду оңдоп, үлгү көрсөтсө, башкалар да аларды ээрчийт.*

[1] www.youtube.com, «Настоящее время» медиа порталы, 2018, 23-февраль.
[2] www.youtube.com, «Настоящее время» медиа порталы, 2018, 23-февраль.
[3] www.ruhesh.kg, «Нарын Айып: Динден пайда таап жаткандар чыныгы мусулман эмес», 2017, 13-июнь.

*Бирок Ганс Христиан Андерсен айткандай, эч кандай дини жок эле, уяттуу жашап, таза иштегендер көкүрөгүн каккандарга караганда, кудайга алда канча жакын. Динби, коммунизмби, капитализмби, – эч нерсеге сокур ишенбестен, таза жашап, таза эмгектенип, таза ойлонсок абал оңолот*[1].

Жогоруда журналист Олжобай Шакирдин берген суроосу менен публицист Нарын Айыптын Ислам дини боюнча айткандарын толугу менен көчүрүп жаздым. Негизинен суроодо да, жоопто да талаштуу маселелер бар. Мисалы: Журналисттин суроосунда: «Кыргыз эч бир доордо динге азыркычалык баш урган калк эмес эле, азыр көбү динден таяныч издеген сайын кайра ошончо коопсуздук маселеси жаралды»[2], - деген сүйлөм айтылды. Бир окуганда бул сүйлөмдөр туура эле айтылгандай, бирок тереңирек анализдесек дин бизге жакшылык алып келбей жатат деген маани чыгат. «Кыргыз эч бир доордо динге азыркычалык баш урган калк эмес эле...»[3] Мында тарыхта кыргыз журту динди бекем кармабаган деген ишарат бар. Бирок, улутубуз динди канчалык бекем кармагандыгына азыркы турмушта көп далилдер табылат. Мисалы: жаназа, орозо, бата, дуба, өлүктөргө Куран окуу, макал-лакаптардагы диний туюмдар (М: «Башы оорубаган адамдын Кудай менен иши жок»), жадагалса саламдашуубуз да («Ассалому алейкум – силерге тынчтык болсун!) Исламдан алынган. Андыктан, жогорудагы сүйлөм туура эмес келтирилген.

Азыркы учурда англис, немис, орус, кыргыз тилдеринде эркин сүйлөп, сабаттуу жазган, эмгек тажрыйбасы жогору, журналист жана публицист Нарын Айыптай журналисттер кыргыз коомунда дээрлик жокко эсе. Андыктан саясий, филологиялык тармактарда аналитикалык баасы жогору, медиа тармаганда компотенттүү адис, ою салмактуу болгон адамдын «Ислам динин реформалаш керек» дегени анын динден кабары жетиштүү эмес экенинен кабар берет.

Ал сөзүндө: *«Андан кийин Ошол эле учурда ислам өзү азыр терең реформага муктаж. Христиан динин Мартин Лютер XVI кылымда кандай реформаласа, 1500 жылга чыккан исламдын өзүн дагы заманбап кылып өзгөртүүгө мезгил жетти», - деди. Мындан улам «Ислам дини реформага муктажбы?»* деген суроого диний маселеде компотенттүү адистердин жообун келтирейин:

Теология илимдеринин доктору, Самаган Мырзаибраимов: «Негизи ислам дүйнөсүндө маселелер бар экени азыр көрүнүп турат. Бирок ислам дининин башка диндерден айырмачылыгы – Куран менен хадиске таянуу менен мезгилге жана аймакка жараша чечим чыгаруу мүмкүнчүлүгү бар. Мындайча айтканда, исламда бардык эрежелер догма (акыркы чындык) түрүндөгү эрежелер эмес. Ошондуктан реформа тууралуу сөз кылуу исламга бир аз туура келбей калат.

Албетте, жаңыдан ойлонуп, жаңыдан чечмелеш керек болгон көптөгөн маселелер бар. Бирок булар реформа жолу менен эмес, ошол Куран жана хадисти туура түшүнүп, мезгилге ылайыкташтырып чечмелөө аркылуу гана ишке ашышы керек. Ошондуктан мен кандайдыр бир саясий сөздөргө комментарий бергенден алыс болом. Бирок исламдын негизги өзгөчөлүгү катары айткым келип жатат, исламда дин, шарият жана фыкых деген негизги институттар бар. Бул үч институт ислам дининин баалуулуктарын системалуу түрдө мезгилге жана аймакка жараша колдонууну түзөт. Мезгилге жана аймакка жараша чечим чыгаруу институту – бул фыкых болуп эсептелет.

Бардык мазхабдар Куран менен хадиске каршы келбей туруп, мезгилге жараша чечим чыгарышы керек. Эгер биз исламды реформалоону Куран менен хадиске тийишүү катары көрө турган болсок, анда бул туура эмес. Эгерде Куран менен хадисти өзүнүн усулуна

[1] http://ruhesh.kg/2017/07/13/naryn-ajyp-dinden-pajda-taap-zhatkandar-chynygy-musulman-emes/
Маектешкен Олжобай Шакир. 2017, 13-июнь.
[2] http://ruhesh.kg/2017/07/13/naryn-ajyp-dinden-pajda-taap-zhatkandar-chynygy-musulman-emes/
Маектешкен Олжобай Шакир. 2017, 13-июнь.
[3] http://ruhesh.kg/2017/07/13/naryn-ajyp-dinden-pajda-taap-zhatkandar-chynygy-musulman-emes/
Маектешкен Олжобай Шакир. 2017, 13-июнь.

ылайыкташтырып, чечмелөө деп түшүнө турган болсо, анда муну нормалдуу көрүнүш катары карасак болот»[1].

Ал эми теология илиминин магистранты, шариат илимини адиси Чубак Жалилов “Азаттык” медиасына берген жообунда мындай деген: «Дин эч кандай реформага муктаж эмес. Себеби, динибиз бардык заманды, бардык мекенди өзүнө камтыган, кыямат-кайымга чейин жарактуулугун сактаган ийкемдүү дин катары таанылат[2].

Дүйнөлүк масташбдагы массалык маалымат каражаттарынын арасында Британ көп тармактуу корпорациясы, кыскача айтканда «Би-би-си» (англисче: British Broadcasting Corporation, кыскача айтылышы: BBC) салмактуу орунду ээлейт. Анткени дүйнө жүзүнө 28 тилде чыккан Би-Би-синин аудиториясынын саны 150 миллиондон ашык адамды түзөт. «Би-Би-си» медиасынын кыргыз кызматы да бар, ал Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан бери «Коомдук биринчи» каналында жана «Биринчи радиодо» «Би-Би-си жаңылыктары» деген аталыштагы жаңылыктар топтомун сунуштап келет. Ал эми интернет тармагында www.bbc.com/kyrgyz/kyrgyzstan дареги аркылуу бардык телеберүү, радио уктуруулар, макалаларын табууга болот.

Башка ММКлар сыяктуу эле «Би-Би-си кыргыз кызматы» да Ислам динине байланыштуу маселелерди дүйнөлүк ар кандай жаңылыктардын фонунда чагылдырып турат. Мисалы: Сирия, Ливия ж.б. мусулман өлкөлөрүндө болуп жаткан конфиликттерде сөзсүз Исламга тийиштүү кайсы бир символ, атрибут, принциптер сыяктуу предметтер менен байланышкан кайсы бир көрүнүштөр айтылат. Ал эми кээде атайын да Исламдагы ишеним, жоолук, эки аялдуулук сыяктуу маселелер козголуп турат.

Буга мисал «Би-Би-си кыргыз кызматынын» интернеттеги www.bbc.com/kyrgyz/kyrgyzstan сайтына жарыяланган КРдин билим берүү тармагына эмгек сиңирген кызматкери Ишенкүл Болжурова менен болгон маекти талдап көрөлү.

Макала 2016-жылдын, 28-сентябрында «И.Болжурова: Кудай – ар бир кишинин жүрөгүндө болушу керек»[3] деген аталыш менен жарык көргөн.

Анда Кыргызстандын Улуттук статистика комитети менен Социалдык өнүктүрүү министрлиги биргелешип Кыргызстандагы 6 миң чамалуу киши арасында сурамжылоо жүргүзүп, алардын 30 пайызы “шарият мыйзамдары мамлекеттик мыйзамдан маанилүү” деп жооп беришкенин негиз кылып бул көрүнүш боюнча профессор Ишенгүл Болжурованын оюу суралат[4].

*«Ишенгүл Болжурова: Жыйырма беш жыл ичинде биз укукка баш ийген мамлекет кура алган жокпуз. Ошондуктан кээ бир адилетсиз чечилген иштерде эмне кылаарыбызды билбей калып жатабыз. Аң-сезимибизге кризис болду. Жыйынтыктап айтканда идеологиябыздын жоктугунан чындыкты издөө проблемасы өтө оор болуп калды. Сурамжылоонун жыйынтыгы ушуну көрсөткөн болушу ыктымал, бирок бул коркунучтуу нерсе.*

*Мындан сырткары жогорку бийликтегилер буга башка жагынан да себепкер болуп жатышат. Мага одоно көрүнгөн нерсе - маселен, Жогорку Кеңеште Конституцияга, мыйзамдарга карабастан намазкана ачкан. Кудай – ар бир кишинин өзүндө, жүрөгүндө болушу керек. Коомдо болсо сотто иши калыс чечилбей калган карапайым адамдар акыркы инстанция катарында кудайга кайрылып жатышат. Бул өтө оор маселе. Ошондуктан бул нерселерди жөн гана статистика катары карабастан, чечкиндүү иштерди жүргүзүү керек»*[5].

Профессор Ишенкүл Болжурова жарандардын шариат мыйзамдарын бийик көрүүсү коркунучтуулугун белгилеп, бир нече жолу кооптонуусун жашырган жок. Бирок, жарандардын турмуш тиричилигин уюштурууда демократиянын ээлеген орду, бүгүнкү

[1] http://www.bbc.com/kyrgyz/kyrgyzstan/2015/12/151209_islam_reform_abbot_myrzaibraimov
[2] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_religion_islam/2300143.html
[3] http://www.bbc.com/kyrgyz/kyrgyzstan/2016/09/160928_boljurova_statistika
[4] http://www.bbc.com/kyrgyz/kyrgyzstan/2016/09/160928_boljurova_statistika
[5] http://www.bbc.com/kyrgyz/kyrgyzstan/2016/09/160928_boljurova_statistika

абалы, алардын укугу сыяктуу маселелерге объективдүү баа берилген эмес. Ал эми Кыргызстанда түзүлгөн бул абалды идеологиянын жоктугуна байланыштыруу да өзүнчө чоң маселе, бирок ага басым жасалбай жаткан соң кыскача демократиянын өзү «капитализм» деген идеология экенинен эске сала кетейин[1].

Акыркы кездери интернеттеги социалдык тармактар да массалык маалымат каражаттары сыяктуу жаңылыктардын булагына айлана баштады. Өзгөчө твиттер, фейсбук сыяктуу социалдык торлордо коомдо болгон кайсы бир көрүнүш же маселе жарыяланып кызуу талкууга алынса, ал маселе телевидине, радио жана гезиттерге чейин чыгып, а түгүл Жогорку Кеңештин жыйынында да талкууга алынган учурлар кездешүүдө. Бул да болсо социалдык тармактардын таасири, орду жана ролунун улам өсүп баратканынан кабар берет. «Pew Research Center» изилдөө борборунун анализдерине караганда Америка Кошмо Штаттарында жашаган 5 173 адамдын арасынан 47%ы жаңылыктарды фейсбук аркылуу аларын билдиришкен[2]. Учурда Facebook дүйнө жүзүндөгү эң алдыңкы 5 сайттын бири болуп саналат, 2017-жылдагы билдирүүлөр боюнча ай сайын 1,968 миллиард адам www.facebook.com сайтына баш багып турат[3]. Ал эми «В контакте» социалдык тармагынын колдонуучулары 97 миллион адамды түзөт[4]. Ошондой эле «Одноклассники», «Твиттер» сыяктуу социалдык тармактардын аудиториясы да бир миллиардка жакын адамды түзөт[5].

Ал эми Кыргызстанда канча адам кайсы тармакты колдонот так маалыматтар жок, бирок күнүмдүк турмуштагы социалдык факторлордон, кубулуштардан улам интернеттин бул тармагын колдонгондор арбын экенин байкоого болот.

Акыркы кездери социалдык торлор аркылуу жаңылык таратып, анын ичинде Ислам динине байланыштуу маселелерди ачык баяндаган аккаунттар жандана баштады. Атап айтсак «Ыйман казынасы», «Шариат KG», «Насаат медиа», «Ислам нуру», «Чечим Исламда», Бактылуулук формуласы», «Умма», Насаат KG», «Ислам Онлайн», «Кадам», «Минбар медиа», «Ыйман Ордосу», «Ихсан медиа» ж.б. атайын ачылган баракчалар Ислам динине тийиштүү ибадат кылууга чакырган, акырет тууралуу кабар берген, саясий чакырыктарды камтыган бир нече баракчалар кызмат көрсөтөт. Негизинен түзүлгөн тайпалардын ишмердүүлүгү белгисиз адамдар тарабынан жүргүзүлгөндүктөн жайгаштырылган маалыматка жоопкерчилик эч кимге жүктөлгөн эмес, ал эми социалдык жана башка факторлордон улам структуралык, грамматикалык ар кандай кемчиликтер арбын болсо, башка жагынан багыттары, контенттери ар башка.

Фейзбукта 2017-жылы, декабрда түзүлгөн «Биздин атыбыздан эмес» деп аталган тайпа ишке кирди. Ал негизделген күндөн бери диний экстремизм боюнча ар кандай билдирүүлөрдү таратып келет.

Баракчанын *«Биз тууралуу» деп аталган чакан бөлүмүндө мындай мүнөздөмө берилген: «Биздин атыбыздан эмес» баракчасы – глобалдуу жана жергиликтүү деңгээлдеги экстремизм жана радикализм жөнүндө ачык сөз жарыштарга жана дискуссияларга социалдык тармактарда чыгуу максатында атайын аянтча.*

*«Биздин атыбыздан эмес» – радикалдуу жана экстремисттик идеология боюнча текшерилген фактылар жана айкындалган маалыматтар.*

*«Биздин атыбыздан эмес» – Эркин Европа үн алгысы / «Азаттык» үн алгысынын жаңы онлайн долбоору.*

*Сөз талашууларга кошулуңуздар! Талаштан тактык жаралат!»*

Талкуунун объектиси катары экстремизм, радикализм предметтерин көрсөткөн «Биздин атыбыздан эмес» аттуу бул баракча активдүү иш алып барат, мисалы күн сайын сөзсүз бир канча посттор жарыяланып келет. Төмөндө аталган баракча жарыялаган посттордун темаларына назар салалы:

---

[1] Катасонов В.Ю. Капитализм - История и идеология «денежной цивилизации». 2013.
[2] https://www.gazeta.ru/business/2013/10/25/5723077.shtml
[3] https://ru.wikipedia.org/wiki/Facebook#cite_note-rosbj-6
[4] https://rusability.ru/internet-marketing/smm/klyuchevaya-smm-statistika-na-2018-god/
[5] http://www.pro-smm.com/populyarnye-socialnye-seti-2016/

1) 25-апрель "Хизб-ут-Тахрир" уюмунун максаты эмне?»

2) 25-апрель «Сириядан качып келген келин экинчи баласын Түркиядагы түрмөдө төрөгөн»

3) 24-апрель «Асланова: Радикалдашуунун жана экстремизмдин алдын алуу боюнча жасала турган жумуштар арбын»

4) 23-апрель «Дин достуктун көпүрөсү»

5) 23-апрель «Борбор Азия ислам согуштарынын майданына айланбайбы?»

6) 20-апрель «Согушка машыккан "Халифаттын жолборс күчүктөрү"

7) 20-апрель «Ооганда 12 жаштагы бала «ИМдин» курмандыгы болду»

8) 19-апрель «Спорт менен диний радикализмди жеңүү мүмкүнбү?»

9) 19-апрель «Кыргызстанда радикализм менен экстремизмге каршы күрөш чабал жүрүп жатабы?»

10) 18-апрель «Ооган аялдары үчүн билим шамы жанды»

11) 18-апрель «Дүйнө жүзүндө жылына канча адам өлүм жазасына тартылат?»

12) 17-апрель «Имам окуучуларды туура жолго үндөдү»

13) 17-апрель «Быйылкы эки айда мигранттардан 307,6 млн доллар келип түшкөн»

14) 16-апрель «Сыдыков: «Сапат» мектептери жабылбайт»

15) 16-апрель «Орусияда "Телеграм" жабылды»

16) 16-апрель «Өзбекстан футбол оюндардын убактысын орозого байланыштуу өзгөртөт»

17) 16-апрель «Эстремисттик топтордун мүчөлөрү кайсы соцтармактарды көп колдонот?»

18) 16-апрель «Рохинжалар үйлөрүнө кайта баштайбы?»

19) 13-апрель «Москва соту "Телеграмды" жабууга буйрук берди»

20) 13-апрель «Жашыл – бул исламдын өңү. Табияттан таза, өмүрдүн булагы»

21) 13-апрель «Аскерде кызмат өтөө үчүн тажик имамдары үгүт жүргүздү»

22) 13-апрель «Криптовалюта боюнча шарият эмне дейт?»

23) 12-апрель «Маасы ултарган устанын сыры»

24) 12-апрель «Хужандда ИМдин катарына кошулууга аракет кылган 71 жаштагы аял соттолууда»

25) 12-апрель «Мьянмада рохинжа мусулмандарын коргогон журналисттер эмнеге соттолууда?»

26) 12-апрель «Максатбек Токтомушев: "Террорчулар жарандарды интернет аркылуу азгырууда"

27) 11-апрель «Ооганстанда Борбор Азиядан «ИМдин» катарына согушкерлерди тарткан негизги адам өлтүрүлдү»

28) 11-апрель «Мындай акцияларды өткөрүү менен коркунучтуу терроризм жана экстремизмди жеңүүгө мүмкүнбү?»

29) 11-апрель «Жээнбековдун Эрдоганга жообу кандай болот?»

30) 11-апрель «Бейбаштык кайдан пайда болот?»

31) 11-апрель «Елизаветта экинчи пайгамбардын тукумунанбы?»

32) 10-апрель «Пакистанда 40 миллионго жакын бала эмделе баштады»

33) 10-апрель «Аймактарда "Адам жаны – аманат" акциясы уланууда»

34) 9-апрель «Бомба жөнүндө жалган кабар берген адамга кылмыш иши козголду»

35) 9-апрель «Превращается ли Центральная Азия в площадку для перенесения противостояния из стран Ближнего Востока?»

36) 9-апрель «Экстремизм жана терроризм боюнча кыргызстанда канча аял соттолгон»

37) 9-апрель «Сирияда элге каршы химиялык курал колдонулганы айтылууда»

38) 6-апрель «Жакынкы Чыгыштагы согушка Кыргызстандан кеткендер 800 кишиден ашты»

39) 6-апрель «Торроризм статистикасы 2017»

40) 6-апрель «Мусулман Супер - баатыр»

41) 6-апрель «Мечиттердеги арабча жазуулар кыргызчага алмаштырылышы мүмкүн»
42) 6-апрель «Саудиядагы "түшкө кирбеген" өзгөрүүлөр»
43) 5-апрель «Таш менен урганды, аш менен ур»
44) 5-апрель «Ысык-Көлдө балдарына дүнүйө бий билим алуусуна тыюу салган ата эки жылга кесилди»
45) 5-апрель «Сирия менен Ирактан кайткандар кыргызстанга кандай коркунуч жаратышы мүмкүнбү?»
46) 4-апрель «Муфтий жол эрежесин сактоого чакырды»
47) 4-апрель «Германияда качкындарга жардам берген кыргыз кыздар»
48) 4-апрель «Хиджабды тандоо»
49) 4-апрель «Табигый динчилдик кандай болот?»
50) 3-апрель «Өжөрлүк менен кыйынчылыкты жеңүү»
51) 3-апрель «Масаулов: Коңшуларга салыштырмалуу Кыргызстанда терроризм көрүнүшү аз»
52) 3-апрель «Хиджабчан модел «Vogue» журналында»
53) 3-апрель «Кыргызстанда 2017-жылы терроризм боюнча 200дөй киши соттолду»
54) 2-апрель «Эмнеге жаштар диний радикализмге берилип жатат?»
55) 2-апрель «Мигрант келиндин аянычтуу тагдыры»
56) 2-апрель «Чыгыш Гутадан качкан 41 миң киши эми кайда барат?»
57) 2-апрель «Чип тагуу мигранттарга жеңилдиктерди береби?»
58) 1-апрель «Катуу сын адамды «сындырышы» мүмкүн»[1].

Жогорудагы тизмеден маалым болгондой, бир айдын ичинде 58 тема жөнүндө жарыялар чыгарылса, анын 7си динге тиешеси жок социалдык маселелер, 6 макала диний позитивдүү жаңылыктар, ал эми калган 45 макала диний экстремизм, терорризм, радикализм сыяктуу темаларды түзөт. Мындан көрүнүп тургандай «Биздин атыбыздан эмес» фейзбук баракчасында диний маселелердин позитивдүү жагына салыштырмалуу, негативдүү учурларга басым жасалганын байкоого болот. Бул долбоор тууралуу авторлор тарабынан тиркелген текстте: *«Биздин атыбыздан эмес» баракчасы – глобалдуу жана жергиликтүү деңгээлдеги экстремизм жана радикализм жөнүндө ачык сөз жарыштарга жана дискуссияларга социалдык тармактарда чыгуу максатында атайын аянтча»*[2], - деп жазылган, бирок экстремизм менен радикализмдин түрү белгилен эмес. Башкача айтканда светтик экстремизм, радикализм, диний экстремизм, радикализм деген да бар. Андыктан бул эки сөздү Исламга карата гана колдонуу канчалык объективдүү, деген суроо жаралат. Кала берсе, диний экстремизмди болгон учурда деле башка диндерге тийиштүү экстремисттик көз караштар бар, алар жөнүндө эч кандай маалымат жок.

Ал эми «Биздин атыбыздан эмес» баракчасы Ислам динине байланыштуу жарыялардын мазмунуна сары эсеп салып көрөлү.

2018-жылдын 25-апрель айында "Хизб-ут-Тахрир" уюмунун максаты эмне?» аталыштагы чакан жарыя (пост) чыгарган. Анда Татарстандын коопсуздук күчтөрү "Орусияда тыюу салынган “Хизб-ут-Тахрир” уюмунун мүчөсү" деген шек менен 14 кишини кармаганын айтып, мындай деп жазылган: *«Оруссия өкмөтү жана Борбор Азия мамлекеттеринин айтымында, “Ислам мамлекети” экстремисттик тобу жаштар арасында радикалдуу идеяларды жайылтып, аларды Сирия жана Ирактагы согушка тартуу стратегиясында “Хизб-ут-Тахрир” уюму маанилүү роль ойнойт»*

«Хизб-ут-Тахрир» – саясий партия болуп саналат, анын ишмердүүлүгү Россия, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Кыргызстан жана башка бир катар өлкөлөрдө тыюу салынган, ал эми Малайзия, Индонезия, Ливан, Палестина, Бириккен Араб Эмиратында жана Европа өлкөлөрүндө мыйзамдуу тыюу каралган эмес[3].

[1] https://www.facebook.com/bizdin.atybyzdan.emes
[2] https://www.facebook.com/bizdin.atybyzdan.emes
[3] www.idelreal.org, "Хизб ут-Тахрир". Что такое "Партия исламского освобождения" и почему так часто сажают её членов. 5-сентябрь, 2017-жыл.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2003-жылдын октябрындагы чечими менен анын ишмердигине тыюу салынган. Бирок, «Хизб-ут-Тахрир» уюмунун дүйнө жүзүндөгү террактык аракеттерге тиешелүү фактты каттала элек[1]. Анын жактоочулары тарабынан радикалдык үгүттөрдү угууга болот, бирок адамдарды өлтүрүүгө, кайсы бир жерди жардырууга чакырган факт катталган эмес.

Ал эми жаштарды Сирия, Ирактагы согуштарга чакырууга тиешеси бар же жоктугу тууралуу да талаш пикирлер бар, бирок бул боюнча да конкреттүү факт жок.

Ошондой эле текстте *«Лондондо жайгашкан сунни мусулмандарынын "Хизб-ут-Тахрир" уюму ислам халифатын курууну көздөйт»,* - деген маалымат жазылган. «Хизб-ут-Тахрир" уюмунун штаб квартирасы кайсы жерде экендиги да белгисиз. Биз илимий иликтөөбүздө интернет жана башка ресурстарды колдонуу менен аталган маселелерди иликтөөгө алдык, бирок маалыматтар далилсиз болуп чыкты, ал эми интернет желесиндеги эң ыкчам кызмат Википедия да бул боюнча «место положение: неизвестно» деген сүйлөм менен чектелген[2].

Массалык маалымат каражаттарынын ичинен интернет тармагы өзгөчө орунда экени талашсыз. Анткени ыкчамдуу, жеткиликтүү бул каражат адамдардын турмушунда өз ордун бат таап кетти. Бүгүн интернетсиз жашоону элестетүү кыйын. Мына ошондуктан да интернет коммуникацияда маанилүү орунду ээлейт. Адамдардын күнүмдүк турмушунда кандайдыр бир суроо, маселе жаралса анын жообун, чечимин интернет аркылуу издешет, мындай абалда интернетте жарык көргөн маалымат эл арасында жеткиликтүү абалда кала берет.

Ал эми бул мейкиндикте жарыяланып жаткан маалыматтардын жеткиликтүүлүгү менен бирге коопсуздугу, башкача айтканда чындыгы, туура же туура эместиги өзүнчө маселеге айланган. Себеби, бул каражат ар бир адамга жеткиликтүү болгондуктан, ага маалымат жайгаштыруу оңой жана андан пайдалган тараптар арбын, ошондуктан да жарыяланып жаткан материалдардын мазмуну, багыты, идеологиясы ар башка нукта жарык көрөт. Бул албетте, түшүнүктөрү толук калыптана элек жаштарга, динден маалыматы жок адамдар үчүн кооптуу тенденция. Анткени дүйнөлүк практикада исламофобиянын жаралуусуна интернет активдүү каражат болуп берген.

Жыйынтыктап айтканда интернет майданын тескөө мамлекеттин көзөмөлүндө болушу кажет, бирок муну кандайдыр бир радикалдык кадамдар менен кайсы маалымат булактарына чектөө киргизүү аркылуу жөнгө салуу туура эмес. Демек мамлекет ислам тууралуу маалымат берүүнү өз колуна алган уюм же тараптардын маалыматтарына альтернативалык маалымат булактарын жаратуусу зарыл. Бирок, андай альтернативалык күчтү жаратуу чоң чечкиндүүлүктөрдү, окууларды, практиканы талап кылат жана муну сөзсүз басып өтүү зарылчылыгы алда качан пайда болгон.

[1] https://www.idelreal.org/a/28717251.html
[2] https://ky.wikipedia.org